• УЛУТТУК БАНК БИЛДИРЕТ

**КРнын Улуттук банкынын Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгынын лицензиялоо бөлүмүнүн инспектору Аскар КУБАТБЕКОВ:**



# "АКЧА АЛМАШТЫРУУ БЮРОЛОРУН АЧУУГА ТОСКООЛДУКТАР ЖОК"

**– Аскар Бакытбекович, чет өлкө валюталарын накталай алмаштыруу операцияларын жүргүзүү үчүн кандай мыйзамдык базага таянууга болот?**

– Чет өлкө валюталарын алмаштыруу операцияларын жүргүзүү үчүн акча алмаштыруучу жай катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тийиштүү лицензиясын алуу талап кылынат. “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү” мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында акча алмаштыруу бюролорунун ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жөнгө салынат.

Акча алмаштыруу бюросу – бул атайын жабдуулар менен жабдылган пункт, ал юридикалык жактар тарабынан түзүлүп, накталай чет өлкө валютасын алмаштыруу операциясын жүргүзүү үчүн Улуттук банктын лицензиясынын негизинде ишке ашырылат.




Кыргыз Республикасынын аймагында акча алмаштыруу бюросун ачуу укугу бир гана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын накталай чет өлкө валютасы менен операцияларды жүргүзүү боюнча лицензиясына ээ болгон юридикалык жактарга гана берилет. Ошол эле учурда алмаштыруу бюросундагы жүгүртүүдөгү акчанын суммасы аз дегенде 1 миллион сомдон кем болбошу жана акча алмаштыруучу жай тийиштүү талаптарга жооп берүүсү шартталат. Акча алмаштыруу ишмердүүлүгүнө карата талаптар жана лицензия берүү тартиби «Накталай чет өлкө валютасы менен алмаштыруу операцияларын жүргүзүү укугун берүүчү лицензиянын тартиби тууралуу» Жобо менен жөнгө салынат (аталган жобо Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармалыгы тарабынан 2011-жылдын 27- июлдагы №40/4 бекитилген).

**– Лицензия алуу үчүн кандай документтер талап кылынат?**

– Улуттук банктын чет өлкө валюталары менен накталай алмаштыруу операцияларын жүргүзүүгө берилүүчү лицензияны алуу үчүн төмөндөгүдөй документтерди топтоо талап кылынат:

а) лицензия алуу үчүн арыз;

б) алмаштыруу бюросунда жүгүртүлүү каражат булагы тууралуу маалымат;

в) арыз берүүчүнүн мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү;

г) негиздөөчү тууралуу документтер;

д) акча алмаштыруу бюросун ачуу тууралуу чечими;

е) алмаштыруу бюросунун жетекчисинин бекитилгендиги тууралуу чечим;

ж) юридикалык жактын жетекчи болуп бекитилиши тууралуу чечим;

з) арыз берүүчүнүн коммерциялык банкта 1000000 (бир миллион) сом өлчөмүнөн кем эмес же ошол суммага туура келе турган чет өлкө валютасындагы эсеби бардыгын тастыктоочу коммерциялык банктын маалыматы;

и) салык органынын бирдиктүү маалыматы;

- документтерди тапшыруу алдында бюджетке карызы жоктугун тастыктоочу;

- көзөмөл-кассалык машинанын каттоодон өткөндүгү тууралуу маалымат;

к) акча алмаштыруучу жайдын ижарага алынгандыгы тууралуу келишимдин же менчик мекеме экендигин тастыктоочу документтин көчүрмөсү;

л) кызмат адамын дайындоо тууралуу буйругу;

м) нак чет өлкө валютасында Кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча жана террористтик же экстремисттик ишмердүүлүктү каржылоого каража ички контролдук боюнча эрежелерге ылайык жоопту адамды дайындоо тууралуу буйрук.

Мындан сырткары белгилей кетүүчү нерсе, Улуттук банк тарабынан акча алмаштыруучу жайлардын ички бөлмөсүнүн нормативдик укуктук актыларда бекитилген талаптарга ылайык келиши дагы текшерилет.

**– Жогорудагы талап кылынган документтер тапшырылгандан кийин лицензия канча убакыттан кийин берилет?**

– Улуттук банкка сунушталган документтер 30 календардык күндүн ичинде каралып чыгат. Тийиштүү документтердин топтому толугу менен нормативдик укуктук актылардын талабына ылайык тапшырылганда акча алмаштыруу жайынын ички бөлмөсү бекитилген талаптарга туура келген болсо, арыз берүүчүгө чет өлкө валютасы менен накталай операцияларды жүргүзүү укугун берүүчү лицензия жана алмаштыруу бюросу каттоого алынгандыгы тууралуу кат тапшырылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармасынын 2007-жылдын 14-ноябрындагы №48/7 токтомуна ылайык, чет өлкө валютасы менен накталай операцияларды жүргүзүү үчүн берилүүчү лицензиянын наркы 300 сомду түзүп, ал 3 жылдык мөөнөткө берилет. Акча алмаштыруу жайынын каттоого алынгандыгы тууралуу кат, өзүн лицензия катары тастыктай албайт.

Маектешкен
**Абдимухтар АБИЛОВ**

---

## САММИТКЕ КМШ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН ӨКМӨТ БАШЧЫЛАРЫ ТОЛУК КАТЫШАТ

***Бишкекте 6-7-июнга белгиленген КМШ өлкөлөрүнүн Өкмөт башчыларынын кезектеги саммитине уюмга кирген мамлекеттердин премьер-министрлери толук катышары күтүлүүдө.***

Кеңеште өкмөт башчылары социалдык, экономикалык байланыш, инвестиция, соода-экономикалык, чек ара, маданий, гуманитардык кызматташуу багытындагы маселелерди талкуулашып, ар кыл багыттагы кызматташуу боюнча 7 документке кол коюшмакчы. Бул тууралуу ТИМдин Биринчи саясий департаментинин директору Айбек Молдогазиев 1-июнда өткөн маалымат жыйында билдирди. Жыйынга Кыргызстандын Премьер-министри Сооронбай Жээнбеков төрагалык кылат. Мына ушундай маанилүү маселелерди талкуулаган кеңешменин жүрүшүндө Бишкек шаарында коомдук тартип жана жол коопсуздугу да камсыздалмакчы. Ага ылайык 700 тартип кызматкери иш алып барат. Мындан тышкары чет элдик меймандар жүрүүчү жолдордо унаалардын жүрүшүнө убактылуу чектөө киргизилет. Бул тууралуу Кайгуул милициясынын башкы башкармалыгы билдирди. Белгилей кетсек, шериктеш мамлекеттердин өкмөт башчылары катышкан кеңештин негизги максаты - өлкөлөр ортосунда кызматташтыкты арттыруу жана коопсуздуктун алдын алуу болмокчу.

Жазгүл
**КЕНЖЕТАЕВА**

---

## Элчи памирлик кыргыздар менен жолукту

***Кыргызстандын Афганистандагы элчиси Абазбек Абдуразаков Памирдеги жашаган кыргыздар менен жолугушту.***

Тышкы иштер министрлигинин маалыматына караганда, этникалык кыргыздар үч жыл ичинде элчилик тарабынан көрсөтүлгөн жардамдарга жана Кыргыз Өкмөтүнүн гуманитардык жардамына ыраазычылык билдиришкен. Ал эми элчи Абдуразаков этникалык кыргыздарга ар тараптуу жардамдар көрсөтүлгөндүгүн айткан.

Айнура
**ШАЙКЕЕВА**